**П. Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023 окуу жылынын тарбия иштери боюнча**

**2- чейректик отчёту.**

П. Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде тарбия иштери боюнча жылдык план түзүлүп бекитилген.

План боюнча иш-чаралар өтүлүп жатат

## Ноябрь айы

Ноябрь айында класстар жылууланды.Терезелер чапталып,төшөкчөлөр алынды.

Ноябрь айынын башында класстардын жылуулук режимин кароо жана окуучулардын тазалыгын текшерүү боюнча атайын дептерлер ачылды.

11 – ноябрьда мектептин спонсору мистер Ким Ян Сунг жана «Волд Шейо» коомдук демөөчүлүгүнөн 24 соц. жетим окуучуга белек алып келишти.

## Декабрь айы

Декабрда пландын негизинде иш-чаралар өтүлдү.

2022-2023 окуу жылында 1-декабрь «Эл аралык СПИДке каршы күнүндө» СПИДке карата бир айлыктын алкагында «СПИД -коркунучтуу дарт» деген темада 11 «А» класстын класс жетекчиси Чешева Анна Алексеевна классы менен флешмоб өттү, 8 «А» класстын класс жетекчиси Ромохова Татьяна Ивановна ачык класстык саат өттү жана ошондой эле фап кызматкерлери мектепке келип, СПИД тууралу окуучуларга кеңири маалымат берип , сабак өтүштү.

1-декабрь «Эл аралык СПИДке каршы күнүнө карата» 9-11-класстардын окуучулары жана класс жетекчилери, «СПИД -коркунучтуу дарт» деген темада лозунгтар жана плакаттар менен жөө жүрүшкө чыгышты. Ушул эле темада 8 – 9 класстын окуучулары жана класс жетекчилер тегерек стол өткөрүштү.

3-декабрь «Майыптар күнүнө» карата майып, инклюзив окуучуларды соц педагог, тарбия завуч жана класс жетекчилер болуп мектептен чакан белектер менен куттуктадык.

9 декабрь куну Кашат айылында «Биз СПИДке каршыбыз» деген темада, 14 мектеп арасында жарыш болуп өттү, анда биздин мектептин

атынан чыккан команда 2 баскычтагы дипломго, көптөгөн белектерге ээ болушту.

- 12-декабрь «Улуттук адабият күнүнө жана Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата» кыргыз тилчи мугалимдер жана башталгыч класстар атайын иш-чараларды өтүштү. Мында сүрөттөр көргөзмөсү, ачык сабактар жана мектептин фойесинде башталгыч класстын окуучулары Айтматовтун чыгармаларын сахналаштырып көргөзүштү.
- Ошондой эле мектептин китепканасында Айтматов боюнча көргөзмө уюштурулду.
  21 – декабрьда мектептин спонсору мистер Ким Ян Сунг жана «Волд Шейо» коомдук демөөочүлүгүнөн мектепке 5 кол жууган раковина, 5 куллер, 2 интерактивдүү доска, 100 окуучуга гигиеналык каражаттарды жана 5 баннер алып келишти